Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
29. Sayı 2020

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
29-саны 2020

# Абу Ханифанын хадис түшүнүгү

**Исмаил Хаккы Үнал***
**Которгон: Айзада Таштанова****

**Аннотация**

Ислам тарыхында, мусулмандардын көңүл чордонунда эң көп жүргөн инсандардын бири - Абу Ханифа болсо керек. Ал туулуп өскөн аймак, анын Ислам укук түшүнүгүнүн калыптанышында чоң ролду ойногон. Аз. Пайгамбардын хадистерин алууда, анализдөөдө жана өкүм чыгарууда өзүнүн методу болгон Абу Ханифа, мындан улам хадисчилердин оор сындарына, айыптоолоруна дуушар болгон. Бул макалада, Абу Ханифанын хадистерге болгон көз карашын, аны алууда, талдоодо колдонгон методдоруна жана таянган далилдерине кыскача көз чаптырмакчыбыз.

**Ачкыч сөздөр:** Ханафий мазхабы, Абу Ханифа, ахлур-рай, хадис, сүннөт, ижтихад.

# Abu Hanifa and Hadith

**Abstract**

One of the most popular schoolars among the muslims in İslamic history was Abu Hanifa. The place where he was born, played the important rule in his understanding of İslamic law. İn choosing, analysing and in using in judgment the Prophet Muhammad’s hadiths, he had own methods for what he had been critisized widely by muhaddiths. İn this article we will try to exlpain in short, Abu Hanifa’s understanding of prophet’s hadiths and his mothodology in choosing and analysing the riwayats.

**Key words:** The Hanafi School, Abu Hanifah, ahlur-rai, hadith, sunnah, ijtihad.

---

* Профессор, Анкара университетинин теология факультетинин деканы.
** Докторант, Анкара университетинин теология факультети. ayzada86@inbox.ru

**Киришүү**

Ислам тарыхында эң көрүнүктүү инсандардын бири болгон Абу Ханифа (80-150/699-767), Ислам маданиятынын алгачкы доорунан баштап өзгөрө баштаган эки багыттын бири болгон ахлур-райдын эң көрүнүктүү өкүлү болуп эсептелет. Бул багыттагы аалымдардын эң негизги өзгөчөлүгү деп билинген акыл-эсти жана ижтихадды колдонуусун, Ислам тарыхынын башынан баштап хадисчилер баш болгон айрым чөйрөлөр "хадиске/сүннөткө көңүл-коштук" деп эсептешип, манкул менен макулду (риваят менен акылга таянууну), аасаар менен аарааны (риваят менен ой-пикирди) бири бирине терс турган эки категория деп алышкан.[1]

Хижрий 40-жылдарда башталган хадис токуу аракети, кийинки жылдары бир кыйла күч алгандыгынан улам Аз.Айша баш болгон кээ бир сахабалар менен башталып, анын артынан башка хадис мунаккиддери уланткан хадисти танкид кылуу (сындоо/анализдөө) аракети, Абу Ханифанын жана айланасындагы досторунун, шакирттеринин кошкон салымдары менен өсүп өнүккөн. Ал эми бул нерсени, риваят чогултуп айтуудан башка амалы болбогон айрым инсандар, хадиске/сүннөткө душмандык деп карашкан. Булактар да көрсөтүп тургандай, Ислам тарыхынын эч бир доорунда, эч бир чыныгы момун-мусулман же илимпоз, Аз. Пайгамбардан келген сахих хадис менен сүннөткө каршы чыккан эмес. Бир нече риваяттын ичинен тандоо жасоо, хадистерге түшүндүрмө берүү, шарттардын, талаптардын өзгөрүшү менен Аз.Пайгамбардан келген хадис менен сүннөттү ошол бойдон амал кылууну туура көрбөө, хадиске каршы чыгуу деп саналбагандай, өтмүштө курал катары колдонулуп, эчендеген инсандарга шек мөөрү басылып, учурда да кээ бир риваяттарды күмөн менен карагандарга айып тагууну, спекулятивдик аракет гана десек болот.

Бул макалада, кылымдар бою адилетсиз түрдө айыпталып келген Абу Ханифанын хадиске жана сүннөткө болгон көз карашы, анализдөөсү, фикхында риваяттарды кандай колдонгондугу жана ага

[1] Темага тиешелүү риваяттар үчүн крңз. Ибн Абдилбарр, Жамиу Байнанил-Илм ва Фадлих, Бейрут, б. датасы жок, II/120 жб.

карата коюлган күнөөлөрдүн мааниси жөнүндө кыскача маалымат берилмекчи.[2]

## 1. Абу Ханифанын илим чөйрөсү

Абу Ханифа, хижрий 17-жылы Аз.Умар тарабынан курулган Куфа шаарында туулган. Ал туулган жылы Куфа шаары, көптөгөн сахабалар келип жайгашып, көптөгөн аалымдар келип илим алып турган маданий борборго айланган эле. Ал эми Аз.Алинин халифаттыктын борборун Куфага которуусу менен шаардын кеңейип өнүгүп-өсүшүнө чоң өбөлгө түзүлүп, көптөгөн сахабалардын Куфага келип жайгашканы маалымдалат.[3]

Бул сахабалардын илимдеринен пайдаланган Куфанын чоң аалымдары, Абу Ханифанын түздөн-түз же болбосо алыстан мугалимдери болгон. Алкама б. Кайс ан-Нахаи (ө.62), Масрук б. Ал-Ажда ал-Хамданий (ө.63), Асвад б. Язид ан-Нахаи (ө.75), Шурайх ал-Каадий (ө.80), Абдуррахман б. Аби Лайла (ө.83) жана Ибрахим ан-Нахаи (ө.96) сыяктуу табиин муунунун көрүнүктүү инсандары, Абу Ханифанын мугалимдеринин устаздары болушкан. Мисалы, Абу Ханифанын 18 жыл бою устаздык милдетин аткарган Хаммад б. Аби Сулайман (ө.120), Ибрахим ан-Нахаинин эң алдынкы шакирттеринен болгон.

Булактарда Абу Ханифанын хадис алган устаздарынын жана хадис риваят кылган окуучуларынын саны тууралуу түрдүү сандар берилет. Хадис риваят кылган хадисчилер (рижал) жөнүндө китеп жазган мусанныфтар, элүү менен жүздүн ортосундагы сандарды беришкенин көрсөк болот.[4]

---

[2] Бул макала, İmam Ebû Hanîfe'nin Hadis Anlayışı ve Hanefî Mezhebinin Hadis Metodu (Имам Абу Ханифанын хадис түшүнүгү жана Ханафий мазхабынын хадис методу) (DİB басмаканасы, Анкара 2001) аттуу авторго таандык эмгектен колдонулуп жазылган.

[3] Куфага жайгашкан сахабалардын тизмесин көрүү үчүн крңз. Ибн Сад, Китабут-Табакатил-Кабир, Бейрут 1968, IV/12 жб.

[4] Мисалы Абул-Хажжаж ал-Миззий (ө.742), Тахзибул-Камал фи Асмаир-Рижал, ( Бейрут 1992) аттуу эмгегинде Абу Ханифанын 76 устазынын жана 97 окуучусунун ысымдарын берген. Крңз.XXIX/416-422.

## 2. Абу Ханифанын хадис риваят кылышы

Абу Ханифанын бир нече сандык толо хадис жазылган кагаздарды жанында алып жүргөндүгү баяндалып[5], анын факих катары хадистерге муктаж болбошу албетте мүмкүн эмес эле. Себеби фикхий өкүмдөрдүн таянагынын көпчүлүк бөлүгүн хадис менен сүннөт түзгөн. Бирок Абу Ханифанын бир хадисчи сымал хадис риваят кылуу менен алек болгондугун айтууга да болбойт. Ошол сыңары буга Имам Шафийди да көрсөтсө болот. Абу Ханифанын замандаштарынын айтымына караганда, хадис риваят кылууда жана аларды талдоодо Абу Ханифа, алдыңкы аалымдардын катарына кирген. Яхйа б. Маин (ө.233), Ваки б. Жаррахтын (ө.197) Абу Ханифадан көптөгөн санда хадис угуп жаттагандыгын айткан болсо, Суфйан б. Уйайна (ө.198), Куфага келгенде хадис риваят кылууга Абу Ханифанын түрткү болгондугун билдирген.[6]

Таханавийдин айтымында хадис риваят кылуу, бир гана хадисчилердин методу деп эсептелген тахдис (хадис риваят кылуу) жолу менен эле эмес, далил катары көрсөтүлгөн хадистерден өкүм чыгаруу жолу менен да болот. Абу Ханифанын дал ушул ифтаа (фатва берүү) жолу менен хадис риваят кылып, көптөгөн хадистерди ушул метод менен жайгандыгы айтылат.[7] Хадис риваят кылуунун мындай жолун "шариатты, далилдери менен түшүнүү" деп атаган Дахлавий, Аз.Умардын, Аз.Алинин жана Ибн Масуд сыяктуу сахабалардын, Аз.Пайгамбардын сөздөрүнөн жана амалдарынан өкүм чыгарууларына окшоткон.[8]

Негизинен бул методду баардык факихтер кабыл кылган. Анткени алар, үйрөнгөн хадистерди болгондой түрдө риваят кылуунун ордуна, алардан жыйынтык чыгарып, маселелерди чечүүдө колдонушкан. Хадисчи Аъмештин (ө.148) Абу Ханифага карата айткан

---

[5] Муваффак б. Ахмад ал-Маккий, Менакибу Аби Ханифа, Бейрут 1981, 85-б.

[6] А.а.к., 13-б.

[7] А.а.к., 16-б.

[8] Шах Валиюллах ад-Дахлавий, Хужжатуллахил-Балига, Египет 1332, I/104-105-бб.

"Эй факихтер, силер табып, а биз даары-дармекчибиз!"[9] деген сөзү да ушул мааниде айтылса керек.

Абу Ханифадан тахдис жолу менен риваят кылынган хадистердин аз болушунун дагы бир себеби, анын бул темага өтө кылдаттык менен мамиле кылышында жатат. Анткени ал "Равий бир гана жатка билген хадисти риваят кылышы керек" деген шартты койгон.[10] Анын мындай мамилесин мугалимдеринен алгандыгын да айтууга мүмкүн. Себеби Абу Ханифанын устазынын устазы болгон Ибрахим ан-Нахаи, "-Пайгамбардын хадисинен билсең бизге риваят кылчы?" - деп келген адамга, "-Ооба, билем. Бирок мага "Умар (мындай) деди, Абдуллах (мындай) деди, Алкаме (мындай) деди, Асвад (мындай) деди" деп айтуу оңой иштей көрүнүп жатат." - деп жооп бергени маалымдалат.[11]

Абу Ханифанын хадис риваят кылууда каалоо көрсөтпөшүнүн дагы бир себеби катары, Куфа шаарынын ошол кезде хадис токуунун борборуна айлангандыгы көрсөтүлөт. Анткени Малик б. Анас (ө.179), Куфа шаарына "Хадис басмаканасы" деп айткан болсо[12], Хишам б. Урванын (ө.147) "Ирактык бирөө сага 1000 хадис айтса, анын 990ун чыгарып, калганынан күмөн сана!"[13]- деп айткандыгы кабарланат. Бирок айтылган мындай сөздөрдөн, ахлул-хадистин жана ахлур-райдын ортосундагы чыр-чатактын издерин ачык-айкын көрсө болот. Ибн Халдундун бул туурасында айткан сөзү зор мааниге ээ: "Абу Ханифанын аз санда хадис риваят кылышынын себеби, анын хадис риваят кылуунун шарттарын оорлоштуруп, акыл-эске терс келген риваяттарды күчсүз (даиф) деп санагандыгында жатат."[14]

Абу Ханифанын риваят кылып, далил катары колдонгон хадистери эки окуучусу - Абу Юсуф (ө.182) менен Мухаммед б. Хасан аш-Шайбаний (ө.189) аркылуу кийинки муунга өткөн. Алардын башта

---

[9] Абу Абдиллах Хусейн б. Али Ас-Саймерий, Ахбару Аби Ханифа ва Асхабихи, Бейрут 1985, 26-27-бб.

[10] Ал-Хатибул-Багдадий, Ал-Кифайа фи Илмир-Ривайа, Мадина, б. ж.ж., 231-б.

[11] Ибн Сад, а.а.к., VI/272.

[12] Ахмад Амин, Духал-Ислам, Каир 1937, II/152.

[13] Жамалуддин ал-Касымий, Каваидут-Тахдис, Дамаск 1935, 38-б.

[14] Абдуррахман б. Мухаммед б. Халдун, Мукаддима, б.ж.ж. 1978, 445-б.

Китабул-Аасаар эмгегинен тартып, калган китептеринен да Абу Ханифанын далил катары колдонгон хадистердин санынын аз эмес экендигин көрсөк болот.

### 3. Абу Ханифанын хадис менен сүннөттү далил катары алуудагы усулу

Хадис менен сүннөттү шариаттын өкүм чыгаруу булагы катары кабыл алууда, Абу Ханифа менен башка имамдардын ортосунда айырма жок. Бул туурасында Абу Ханифа "Биз уксак да, укпасак да, Расулуллах айткан ар бир нерсени бийик тутабыз, ишенебиз жана Алланын элчисинин айтканындай болушуна күбөлүк кылабыз." - деп билдирген.[15] Абу Ханифа Басра шаарынын казысына Осмон ал-Баттийге жазган катында (ө.143) "Адамдарга үйрөткөн нерселердин эң пазилеттүүсү - бул сүннөт. Бирок аны үйрөнүүгө татыктуу адамдарды алып, аларды жакшы таанышың керек." - деп жазган.[16] Абу Ханифанын бул жердеги белгилүүлүк (марифа) формасында колдонгон "ас-Сунна" сөзү менен, Аз.Пайгамбардын сүннөтүн айткандыгы анык көрүнүп турат.

Абу Ханифанын өкүм чыгарууда колдонгон булактары жөнүндө, анын эң биринчи Алланын китебине, андан кийин Аз.Пайгамбардын сүннөтүнө кайрылгандыгы, ал эми сахабалардын пикирлеринен каалаганын тандап алганы маалымдалат. Абу Ханифа, сахабалардан башкасынын пикирин өтүмдүү деп эсептеген эмес. Мисалы, табииндер кээ бир ысымдар жөнүндө кеп кылганда, "Алар кандай ижтихад кылган болсо, мен да ошондой ижтихад кыла аламын!"- деп айтканы баяндалат.[17]

Абу Ханифанын хадис менен сүннөттүн жолун кантип жолдогондугун жана аны өкүм чыгарууда кантип колдонгондугун, эки шакирти - Абу Юсуф менен Имам Мухаммеддин азыркы күнгө чейин жетип келген китептеринен үйрөнсөк болот.

[15] Абу Ханифа, ал-Аалим вал-Мутаалим (İmam-ı Azam'ın Beş Eseri içinde) которгон: Mustafa Öz, Станбул 1981, 27-б.

[16] Абу Ханифа, Рисала Ила Усман ал-Баттий (İmam-ı Azam'ın Beş Eseri içinde) 69-б.

[17] Ахмад Мухаммад Нурсайф, Яхйа б. Маин ва Китабухут-Тарих, Мекке 1979, II/609.

Мисалы: соода-сатыкта эки тарап бир ай боюнча мухаййарлык (каалаган учурда кайтарып берүү) шартын койгон болсо, Абу Ханифанын пикиринде мындай соода-сатык өтүмсүз (фасид). Анткени Аз.Пайгамбардан келген риваяттардын биринде, мухаййарлыктын мөөнөтү үч күн деп айтылган.[18]

Абу Ханифа бир адамдын башка бирөөнү сотко берип, керектүү далилдерин көрсөткөн учурда, доочуга, күбө келтирүүнүн сыртында мисалы касам ичүүнү да керектүү көргөн эмес. Анткени ал Аз.Пайгамбардын "Далил келтирүү доочуга, касам ичүү суракка алынганга!" деген хадисине таянган. Ошол эле учурда, анын замандашы Ибн Аби Лайланын (ө.148) доочунун, күбө келтирүү менен бирге касам да ичүүсү керек деген пикирде тургандыгын көрсөк болот. Абу Ханифа бул жөнүндөгү өз оюн төмөндөгүчө түшүндүргөн: "Доочуга Алланын элчиси жүктөбөгөн милдетти биз жүктөй албайбыз. Касам ичүү милдетин да, Расулуллахтын койгон жеринен башка жерге өзгөртө албайбыз!"[19]. Абу Юсуф да, устазы Абу Ханифанын мындай пикирине кошулаарын белгилеген. Абу Ханифанын Аз.Пайгамбардын сахих экенине ынанган ар бир хадисине баш ийүүнү милдет деп билгенин түшүнсөк болот.

Ошону менен бирге Абу Ханифанын хадиске маани берип, ага баш ийүүсү, кээде хадиске рационалдуу түрдө түшүндүрмө берүүсүнө тоскоолдук жаратканын да байкасак болот. Мисалы: риваяттардын биринде, Аз.Пайгамбардын даарат алып мечитке баргандыгы, намаз башталгыча бир жагына жатып коңурук тарткычалык терең уктагандыгы, намаз башталганда кайрадан даарат албай туруп намазга тургандыгы баяндалат. Ибрахим ан-Нахаи, мунун себебин: "Наби (сав), башка адамдарга окшобойт." - деп айтып, Аз.Пайгамбардан башка инсандарды, хадистин өкүмүнө камтыган эмес. Башка хадис менен да ырасталган ан-Нахаинин бул пикирине, Абу Ханифа менен Имам Мухаммед да кошулган. Имам Мухаммед бул туурасында: "Ибрахимдин пикирине кошулабыз. Себеби бизге, Пайгамбардын (сав): "Көзүм уктайт, бирок жүрөгүм уктабайт." - деп

---

[18] Абу Юсуф, Ихтилафу Аби Ханифа ва Ибн Аби Лайла, Египет 1357, 16-17-бб.

[19] А.а.к., 78-79-бб.

айтканы жетти. Пайгамбар бул темада башкалардай эмес. Ал эми калган адамдар бир жагына жатып уктаса, даарат алышы керек. Абу Ханифа да ушул пикирде."[20] - деп билдирген.

Уйкунун өзү, дааратты керек кыла турган нерселердин катарына кирбесе да, уктоо учурунда денеден чыгышы мүмкүн боло турган нерселерден улам Ибрагим ан-Нахаи менен Абу Ханифа жана Имам Мухаммед, катардагы адамдар уктаган учурда даарат алынышы керек деп айтышып, Аз.Пайгамбарды хадис болгондугу үчүн өзүнчө алып карашкан.

Абу Ханифа кийимге жабышкан сперманын кургандан кийин, аны ушалап тазалоо жөнүндөгү пикирин сураган Имам Мухаммедке, мунун жетиштүү болоорун, анткени Аз.Айшанын Аз.Пайгамбардын мындай абалдагы кийимин ушалап тазалагандыгы туурасында риваяты келгендигин билдирген. Ал эми кан же сийдик ж.б.у.с. заттардын кийимге тийген учурдагы өкүмүн сураган суроосуна Абу Ханифа, ушалап тазалоонун жетиштүү болбой тургандыгын айтып, экөөнүн айырмасын мындайча түшүндүргөн: "Салыштырып (кыйас) караганда экөө тең бирдей. Бирок сперма туурасында хадис бар. Мындан улам биз ушундай пикирге токтолдук."[21] Хадистин бар болушуна карабастан кыйасты тандады деп тез тез айыпталган Абу Ханифанын, балким кыйас кылышы туура болгон жерде, көңүлүн Аз.Айшанын риваятына бургандыгы таң калтырбай койбойт.

Имам Мухаммеддин намаз учурунда жылмайган адамдын дааратынын бузулуп бузулбашын сураган суроосуна, Абу Ханифа бузулбай тургандыгын айтат. Ал эми каткырып күлгөндүн абалы жөнүндөгү суроосуна, мунун дааратты бузаарын, жаңыдан даарат алып намазды кайрадан окушу керек болоорун айтат. Экөөнүн айырмасын сураган Имам Мухаммедке, Абу Ханифанын жообу ачык-айкын: "Аз. Пайгамбардан келген хадистен улам."[22] Башка убакта дааратты бузбаган каткырыктын намаз учурунда бузуучу деп эсептелиши Абу Ханифа, Аз.Пайгамбардын сахабаларына намаз

[20] Мухаммед б. Хасан аш-Шайбаний, ал-Аасар, Лакхнау 1312, 35-б.

[21] Мухаммед б. Хасан аш-Шайбаний, ал-Асл, Карачи, б.ж.ж., I/61-62-бб.

[22] А.а.к., I/59-б.

окутуу учурунда күбө болгон окуядан кийин берген түшүндүрмөсүнө таянган.[23]

Жогорудагы мисалдардан Абу Ханифанын кез-кезде мугалимдеринин да пикирлерине каршы чыгып, Аз. Пайгамбардан келген хадистерди далил катары алып, сахих риваят болгон жерде кыйаска баш бакпагандыгын көрсөк болот.

## 4. Абу Ханифанын хадис тандоодогу принциптери

Хадисчилердин милдети мугалимдеринен алган риваяттарды окуучуларына үйрөтүү менен кийинки муунга өткөрүү болсо, ал эми факихтердин милдети да бул риваяттардын ичинен далил боло тургандарды тандап алып, маселелерге чечим чыгаруу болуп эсептелет. Далил катары колдонууга ыңгайлуу болгон хадистердин, алгач сахих болуусу абзел. Мындан улам бир факихке сахих болгон хадис, башка бирөөгө даиф (күчсүз) же мавду (токулма) болушу мүмкүн. Хадистердин сахихтигин/тууралыгын өлчөөдө, равийге коюлган шарттардын катарында, өзгөчө факихтер үчүн мазмунунун өлчөнүшүнүн мааниси зор. Факих катары Абу Ханифа дагы хадис тандап алууда мазмунуна тийиштүү кээ бир критерийлерди эске алган. Буларды, Абу Ханифанын сөздөрүнөн жана далил катары колдонгон хадистеринен чыгарсак болот.

### 1) Куранга туура келиши

Хадистердин Куранга туура келиши же болбосо Куранга арз усулу, сахаба доорунан баштап эле билинип келет. Бул жаатта Аз.Айша кийинки муунга жакшы өрнөк болгон.[24] Ал эми Абу Ханифанын хадистердин Куранга туура келиши жөнүндөгү пикири болсо ачык жана айкын. Ал: "Кимдир бирөө, Аз.Пайгамбардын айткан ар бир сөзүнө ишенем, ал жалган айтпайт жана Куранга терс иш

---

[23] Абу Юсуф, ал-Аасаар, Бейрут 1355, 28-б.

[24] Башка өрнөктөр үчүн крңз., Бадруддин аз-Заркаший, ал-Ижааба ли Ираади Маа Истадракатху Аишату Алас-Сахаба, ((Hz.Ayşe'nin Sahabeye Yöneltti̇ği Eleştiriler) которгон: Bünyamn Erul, Анкара 2000) Бейрут, 1980.

кылбайт деп айтса, бул анын Аз. Пайгамбарды тастыктаганы жана аны Куранга каршы келүүсүнөн узак тутканы болот. Эгерде Аз.Пайгамбар Куранга каршы келип, Алла Тааланын алдында ак сөздөн бөлөк нерсени айтканда, Алла Таала *"Эгер ал кээ бир сөздөрдү Биздин атыбыздан кошуп айтканда, биз ага кудуретибизди көрсөтмөкпүз. Анын жүрөккө кеткен кан тамырын кесип салмакпыз. Силердин эч бириңер буга тоскоол боло албайсыңар"*[25] деген аятка жараша пайгамбарды жакалап, анын кан тамырын кесип салмак эле. Анткени Алланын элчиси, Алланын китебине каршы келбейт. Алланын китебине каршы келген адам да, Алланын элчиси болбойт. Ал эми Пайгамбардан Куранга терс түрдө хадис риваят кылган адамды четке кагуу, Аз.Пайгамбарды четке кагуу же аны төгүндөө деп саналбайт. Бул, болгону Аз.Пайгамбардан жалган (батыл) нерсени риваят кылган адамды четке кагуу деп саналат."[26] - деп айткан.

Абу Ханифанын окуучусунун суроосуна берген бул жообу, анын доорунда Куранга терс келген риваяттардын бар экендигин жана ушул себептен улам четке каккандыгын көрсөтүү менен бирге, мында хадисти четке кагуу эмес Аз.Пайгамбарды арылтуу максаты көздөлгөндүгүн түшүнсөк болот.

Абу Ханифа, жогоруда пикири айтылып өткөн рисаласында, окуучусунун "Момун адам зына кылса, башынан көйнөгү чыгарылгандай, ыйманы да чыгарылат. Кайра тообо келтирген соң, ыйманы кайтарылып берилет."[27] деген хадис боюнча сураган суроосуна, "Бул хадис Куранга терс. Алла Таала Куранда *"зына кылган аял жана эркек"*[28] деп кайрылуу менен алардан ыйман сыпатын жокко чыгарган эмес. Ошондой эле Алла Таала *"Араңардан экөө бул бузук ишти кылса, аларды жазалагыла"*[29] деп айткан. Бул жердеги "силерден" (منكم) сөзү менен жөөттөр же болбосо христиандар эмес, мусулмандар гана айтылган." [30] - деп жооптогон.

[25] ал-Хакка, 44-47-аяттар.

[26] Абу Ханифа, ал-Аалим, 26-27-бб.

[27] Абу Давуд, Сунан, 15; Тирмизий, Иман, 11, (Çağrı Басмаканасы, Станбул -1981.)

[28] Нур, 2.

[29] Ниса, 16.

[30] Абу Ханифа, ал-Аалим, 27-б.

"Чоң күнөө (кабаир) кылган адамдын динден чыгып чыкпастыгы" маселеси менен "Ыйман көбөйүп азаябы?" сыяктуу талаш-тартыштар да, ал учурдагы ахлул-хадис менен ахлур-райдын ортосундагы полемиканын темасына кирген. Абу Ханифа ыйманды "тил менен айтып, жүрөк менен тастыктоо" деп карагандыгы үчүн, амалды ыймандын бир бөлүгү деп эсептеген эмес. Бир мусулмандын ширктен башка кылган амалы канчалык чоң күнөөгө кирсе да момун бойдон калаарын айткан.[31]

Абу Ханифа, хадистердин Куранга туура келиши жагынан окуучуларына баш болуп, Ханафий усулчулары Куранга терс келген риваяттарды санад (чынжырча) жагы муттасыл (үзгүлтүксүз) болсо да, манавий мункаты (мааниси жагынан үзгүлтүккө учураган) деп санашып четке кагышкан.[32]

## 2) Акыл- эске туура келиши

Абу Ханифанын кээ бир риваяттарга билдирген каршы пикирлеринен, риваяттардын маани-маңызын эске алгандыгын жана мындай риваяттардын Аз.Пайгамбарга таандык боло албашын түшүнсөк болот.

Мисалга алсак Абу Ханифа "сууну эч нерсенин кирдетпестиги"[33] жана "көлөмү эки куб болгон сууда кир турбастыгы"[34] сыяктуу Аз.Пайгамбарга таандык деп айтылган хадистер туурасында суунун кир тутаарын айткан.[35] Абу Ханифа, тажрыйба жана акыл-эс менен билине турган нерселерде Аз.Пайгамбардын мындай айтпай тургандыгын ойлогондой көрүнөт.

Дагы бир мисалда, Аз.Пайгамбардан келген айрым хадистерде, койлор жаткан жерде намаз окулаары, ал эми төөлөр жаткан жерде

[31] Абу Ханифанын бул пикири үчүн крңз. Рисала илаа Осман ал-Баттий, 69-б.

[32] Сарахсий, Усул, Станбул 1984-ж., 1-том, 359-б.

[33] Абу Давуд, Тахарат, 34-б.

[34] Абу Давуд, Тахарат, 33-б.

[35] Ибн Аби Шайба, Мусаннаф, Бомбей 1983-ж., 14-т., 160-б.; Тахавий, Шарху Маанил-Асаар, Бейрут, 1987-ж., 1-т., 12-14-бб.

намаз окулбастыгы баяндалган.[36] Булардын себеби катары, төөлөрдүн шайтандан жаратылгандыгы, ал эми койлор жаткан жерде берекенин болоору,[37] койдун этин жеген соң даарат алуунун керек эместиги, ал эми төөнүн этин жеген соң даарат алуунун керектиги айтылган.[38]

Бул туурасында Абу Ханифа, акыл-эс жана кыяс жактан алып караганда булардын ортосунда эч кандай айырманын жок экендигин жана мындай учурда даарат алуунун да кереги жоктугун айткан.[39]

Аял же эркектин жыныстык жерине колун тийгизүүсү, даараттын бузулушуна себеп болоору сыяктуу Аз.Пайгамбарга таандык деп айтылган риваяттар бар.[40] Ошону менен бирге мунун тескерисин айткан риваяттарды да булактарда көрсөк болот.[41] Бирок хадисчи аалымдардын туура (сахих) көрүп тандап алышкан риваяттар, мындай учурда даараттын бузулушун билдирген риваяттар болгон. Мисалы: Авзаи, Шафий, Ахмад б. Ханбал жана Исхак б. Рахуя сыяктуу имамдар дал ушул пикирде болушкан.[42] Ал эми Абу Ханифа менен окуучулары, мындай риваяттарды, акыл-эске жана башка риваяттарга таянып кабыл кылышкан эмес. Алардын эске алган риваяттардын катарында Аз.Пайгамбарга таандык деп айтылган "Ал (жыныстык орган) дагы денеңдин бир мүчөсү эмеспи?" деген хадис менен, бир нече сахаба риваят кылган "Мурдумду же кулагымды кармоо менен жыныстык жеримди кармоонун ортосунда эч кандай айырма көрбөй турам." сыяктуу риваяттар орун алган.[43]

### 3) Адамдык баалуулуктарга берген мааниси

Фикыхта толеранттуулукту жана рационалдуулукту карманган Абу Ханифа, адамдык баалуулуктарды коргоо боюнча да

---

[36] Ибн Аби Шайба, Мусаннаф, 14-т., 150-б., Ахмад б. Ханбал, Муснад, Станбул, 1982-ж., 2-т., 178, 451, 491-бб.

[37] Ибн Аби Шайба, Мусаннаф, 1-т., 384-б.

[38] А.а.к., 14-т.,149-151-бб.

[39] А.а.к., 14-т.,151-б., Тахавий, Шарху Маанил-Асаар,1-т., 70-71-бб.

[40] Тирмизий, Тахарат, 61-б.

[41] Тирмизий, Тахарат, 62-б.

[42] Тирмизий, Тахарат, 61-б.

[43] Тахавий, Шарху Маанил-Асаар,1-т., 77-78-бб.

үлгү болгон. Анын, анык эмес шектүү учурларда жаза (хадд) берүүдөн алыс тургандыгы, кулдарды коргоону көздөгөн өкүмдөрдү бергендиги жана мусулман эмес тургундардын (гайри муслим) укуктарына кылдаттык менен карагандыгы билинет.

Мисалга алсак: бир адам эки жолу уурулук кылып, төрт жолу зына кылгандыгын алгач моюнуна алып, кийин бул айткандарынан тайган болсо, Абу Ханифа бул эки учурда да жаза (хадд) берилбестигин, уурдалган буюмдун гана наркы берилээрин айткан. Анктени Аз.Пайгамбар, зына кылганын төрт жолу моюнуна алып, ражм жазасы бериле башталганда качкан Муаз б. Маликти, аркасынан кууп өлтүрүлгөнүн угуп, муну туура көрбөй, "Жөн койсоңор болмок!" - деп айтканы баяндалган. А бирок ошол эле учурда Ибн Аби Лайла, кылмышкердин кылмыш ишин моюнуна алган соң артка кайтуусу, жазаны түшүрбөстүгүн айтканын көрсөк болот. [44]

Абу Ханифанын пикиринде, кимдир бирөөнүн бир жерде төрт жолу зына кылгандыгын айткандыгы, бул бир жолу деп эсептелет да ага жаза берилбейт. Анткени Аз.Пайгамбар, зына кылганын ар сапарында айтып келген Муазды артка кайтарып, төртүнчү сапарда ражм жазасынын берилишин буйрук кылган.[45] Абу Ханифа ошондой эле, зына кылган адамдын казынын/соттун алдында эмес жөнөкөй адамдардын алдында зына кылганын төрт жолу айткан болсо да ага жаза (хадд) берилбейт деген пикирде болгон.[46] Абу Ханифанын бул жерде, Аз.Пайгамбардын жасаган ишинин максатын эске алып, кылмышкердин тарабын көздөп, аны оор жазадан куткаргысы келгенин байкасак болот.

Аз.Пайгамбарга таандык деп айтылган айрым риваяттарда, ата-эненин же улуу жакынынын уруксатысыз аял кишинин никеге туруусу тыю салынаары айтылган.[47] Абу Ханифа болсо, кыз же жесир болсо да, акыл-эстүү, эркин жана бойго жеткен аялдын, никеге өз каалоосу менен турушу керектигин билдирген.[48] Ал эми башка

[44] Абу Юсуф, Ихтилаф, 156-157-бб.

[45] А.а.к., 70-71-бб.ы

[46] А.а.к., 71-б.

[47] Абу Давуд, Никах, 20; Тирмизий, Никах, 14.

[48] Мухаммед б. Хасан аш-Шайбаний, Муватта, Бейрут, 1984-ж., 177-б.

мазхаптар кыздын атасын же улуу жакынын, жар тандоодо толук укуктуу деп кабыл кылышкандыгы үчүн азыркы күндө да бир топ ислам өлкөлөрүндө бул тема олуттуу маселе болуп келүүдө.

Абу Ханифа адамды, мусулман же мусулман эмес деп бөлүп карабастан инсан катары баалап-барктаган. Жөөттүн, христиандын жана мажусинин кунун (диет)[49], эркин мусулмандын куну менен барабар экендигин, башка диндин өкүлүнө кол салган мусулманга да кысас керектелээрин айткан. Болбосо Мадинанин эли, киши колдуу болуп өлгөн жөөттүн же христиандын куну жөнүндө, эркин мусулмандын кунунун жарымына барабар экендигин, ал эми өлгөн мажусинин куну катары 800 дирхам жетиштүү болоорун, бир каапыр үчүн мусулман адамды өлтүрүүнүн туура болбой тургандыгын айтып келишет.[50] Абу Ханифанын мындай пикиринин да Аз.Пайгамбардын жасаган амалына таянганын байкасак болот.[51]

Абу Ханифа ошондой эле, христиандын жаназасына катышууда эч кандай тоскоолдук көрбөгөнүн кошумчалайт. Анткени ал, Аз.Пайгамбардын Харис б. Аби Рабианын христиан болуп көз жумган энесинин жаназасына сахабалары менен чогуу катышканы тууарасында риваят уккан эле.[52]

### 4) Жеңил жана максатка туура келгенди тандоо

"Татаалды жоюп, оңойду тандоо" негизине таянган "истихсан" принциби, Ханафий мазхабынын негизги өкүм чыгаруу булактарына кирет. Сарахсийдин берген аныктамасында истихсан - "кыясты коюп, адамдар үчүн эң ыңгайлуусун алуу, кең болгонун жактыруу, жеңилдик көрсөтүү, татаалдын ордуна жеңилди тандоо" дегенди түшүндүрөт.[53]

[49] Өлтүрүлгөн адам үчүн берилүүчү, төлөнүүчү каражат, чыгым.

[50] Мухаммад б. Хасан аш-Шайбаний, ал-Хужжа алаа Ахлил-Мадина, Хайдарабад, 1965-ж., 4-т., 322-329-бб.

[51] Дарекутний, Сунан, Каир, 1966-ж., 3-т., 135-б.

[52] Абу Юсуф, ал-Асаар, 81-б.

[53] Сарахсий, ал-Мабсут, Стамбул, 1982-ж., 10-т., 145-б.

Абу Ханифа истихаза[54] каны келген аялдын, ар намаз үчүн баштан аяк жуунуусу (гусл) керектиги айтылган Ибн Аббастан келген бир риваят туурасында: "Хаммад бул риваятты кабыл алат эле. Ал эми менин көз карашым, ар намаз үчүн гусл эмес, даарат алуу жетиштүү."[55]- деп айткан.

Абу Ханифанын устаты Хаммад б. Аби Сулайман истихаза каны келген аялдын бир күндө беш жолу гусл алышы керектигин айткан болсо, анын устаты Ибрахим ан-Нахаи бир күндө үч жолу гусл алышы керектигин айткан.[56] А бирок жеңилдикти карманган Абу Ханифа менен шакирттери, мындай абалдагы аялдын ар намаз үчүн даарат алышы жетиштүү болоорун белгилешкен.

Багымдат намазын түнкү караңгылык тарабай туруп окууну дагы да соoптуу деп санаган Имам Шафийдин айтуусуна караганда, Абу Ханифа менен достору бул туурасындагы эки түрдүү риваяттан элдер үчүн жеңилирээгин алышып, багымдат намазын жер жарып баштаган учурда окууну тандашкан.[57] Абу Ханифа муну “адамдардын түнкү караңгыда терең уйкуда болоорун, уктагандын да, ойгоонун да намазга жетишип келе алышы үчүн жердин жарышын күтүү керек” деп түшүндүргөн.[58]

Орозодо атайын оозун ачкан аялдын, ооз ачардан мурун айыз канын көргөн учурда, Абу Ханифа ага каффарат эмес, каза гана керек болоорун айтат. Ал эми Ибн Аби Лайла мындай абалдагы аялга каза да, каффарат да керек экендигин билдирген. [59]

Кыскасы, Абу Ханифанын элге түйшүк берген бир нерсени амалын таап жойгонго аракет кылганын көрсөк болот.

### 5) Үрп-адатты жана жаңы өзгөрүүлөрдү эске алуу

[54] Аялдын жатынынан, айыздан же төрөттөн бөлөк, кандайдыр бир себептен улам кандын келүүсү.

[55] Абу Юсуф, ал-Аасаар, 35-б.

[56] А.а.к., 35-б.

[57] Мухаммед б. Идрис аш-Шафий, Ихтилафул-Хадис, Бейрут, 1985-ж., 172-б.

[58] Шайбаний, ал-Хужжа, 1-т., 1-б.

[59] Абу Юсуф, Ихтилаф, 133-б.

Ханафий мазхабы элдин арасында колдонулуп келген үрп-адаттарды, ислам укугунун булактарынын бири катары көрүп, мунун эң алдыңкы жактоочуларынын бири болгон Имам Мухаммед: "Үрп-адат менен орундалган, насс (далил) менен орундалгандай эсептелет."[60] деп кабыл кылган. Ошондой эле, Имам Мухаммеддин Муватта китебиндеги "Мусулмандар жакшы деген нерсе, Алла Тааланын алдында да жакшы, мусулмандар жаман деген нерсе, Алла Тааланын алдында да жаман."[61] деген риваяты, Ханафий мазхабынын дагы бир таянган далили болуп эсептелет.

Имам Мухаммед бул риваятты, таравих намазынын жыйырма рекет болушу жана жамаат менен окулушу жөнүндөгү риваяттардын артынан айтып: "Биз бул кабарлардын баарына жылуу карайбыз. Рамазан айында адамдардын жамаат менен напил намаз окушунда эч кандай терс нерсе жок. Анткени мусулмандар бул туурасында ижма кылышып, муну жакшы көрүнүш деп санашкан."[62] - деп кошумчалаганын көрсөк болот.

Ал-Аалим вал-Мутааллим китебинде Абу Ханифа, "Мындай маселелер менен алек болбо! Аз.Пайгамбардын сахабалары мындай темаларга кирген эмес. Аларга жетиштүү болгон нерсе, сага да жетиштүү!" - деп айткандардын бар экендигине даттанып келген окуучусуна, замандын талаптарынын эске алынышы керектигин белгилеп: "Алар сага "Аз. Пайгамбардын сахабаларына жетиштүү болгон нерсе, сага да жетиштүү эмеспи?" деп айтышканда, аларга ушундайча жооп бер: "Ооба, алардын ордунда болгонумда аларга жетиштүү болгон нерсе, мага да жетиштүү болмок. Бирок алар туш болгон нерсе менен мен туш болгон нерсе бир эмес."[63] - деп кеңешин берген. Абу Ханифанын мындай көз карашы окуучулары аркылуу уланып, Ханафий мазхабынын принцибине айланган.

Тообо сүрөсүнүн *"Чындыгында мушриктер ыплас болушат. Ушул жылдан кийин Масжиди Харамга жолошпосун!"* деген 28-аятын Сарахсий, ушул түшүнүктүн негизинде төмөнкүчө жоромолдогон: "Биздин

[60] Сарахсий, Шархус-Сиерил-Кабир, Каир, 1971-ж., 1-т., 169-ж.

[61] Шайбаний, Муватта, 91-б.; Ахмад б. Ханбал, Муснад, 1-т., 379-б.

[62] Шайбаний, Муватта, 91-б.

[63] Абу Ханифа, ал-Аалим, 11-б.

пикирибизде, мушриктердин башка мечиттерге кирүүлөрүнө тоскоолдук болбогондой, Масжиди Харамга кирүүлөрүнө да тоскоолдук жок. Бул нерседе харбий[64] да, зыммий[65] да бирдей. Ал эми аяттын тавилине келгенде, бул аят Жахилийя доорундагы үрп-адатка ылайык мушриктерди мечитке кирүүлөрүнө тыю салган. Риваяттардын биринде мушриктердин Каабаны жылаңач түрдө таваф кылгандыгы баяндалат. Ал эми алардын жакын жолобошундагы максат, сактык жана Масжиди Харамдын өсүп-өнүгүшү. Мындан улам биз, бул тыю кийинки мушриктерге эмес деген ойдобуз. Алардын мурдагы мушриктер сымал амал кылышы мүмкүн эмес."[66] Сарахсийдин аяттын маани-маңызына, себебине ылайык түрдө жоромолдоп, өзгөргөн шарттарды эске алгандыгын байкасак болот.

## 5. Жарх жана таъдил кылгандардын көзүндө Абу Ханифа

Ислам тарыхында макталып да, айыпталып да элдин сынына эң көп дуушар болгон инсандардын бири - Абу Ханифа. Анын фикхы, илими жана зээндүүлүгү көптөгөн мактоолорго ээ болсо, ал эми анын хадисчилик жагы ахлул-хадистин айоосуз сыноосуна кабылган. Ибн Абдилбарр, Абу Ханифанын мындай сындарга кабылуусунун себеби катары анын рай жана кыясты риваяттарга аралаштырып, аларга көңүл бөлүүсү деп эсептеген.[67]

Катардагы айыптоо катары колдонулган "ахлур-райдан" болуу сыпаты, карама каршы тайпада турган ахлул-хадистин Абу Ханифа менен окуучуларынан хадис риваят кылууларына жолтоо болгон. Бул тууралуу Касымий өз пикирин төмөндөгүчө билдирет: "Сахих хадис камтылган китептердин авторлору, ахлур-райдан риваят кылууда адилетсиздик кылышкан. Мисалы: сахих, муснад жана сунан китептеринде Имам Абу Юсуф жана Имам Мухаммед сыяктуу ысымдар жок. Себеби хадисчилер бул инсандарды даиф (күчсүз) деп санашкан. Чындыгында, бул эки инсанга карата акыйкатсыз мамиле

[64] Ислам өлкөсүндө жашаган мусулман эмес тургун.

[65] Ислам өлкөсүндө салык төлөп жашаган ахли китаптын өкүлү.

[66] Сарахсий, Шархус-Сиер, 1-т., 134-135-бб.

[67] Ибн Абдилбарр, Жами, 2-т., 148-б.

кылынкан. Булардын ар бирөөсү, терең, түбү жок деңизге тете. Алардын калтырган эмгектеринен илиминин кеңдигин, тереңдигин көрсөк болот. Алар, нечелеген хадис каарыларынан да жогору турушат. Абу Юсуфтун “Китабул-Харач” китеби менен Имам Мухаммеддин “Муватта” китебинин атын атоонун өзү жетиштүү."[68] Касымийдин бул эки имам туурасындагы ой-пикирин, Абу Ханифага да тийиштүү деп түшүнсөк болот.

Абу Ханифанын замандаштарынын ичинде, аны ишенимдүү деп мактагандар болгондой эле, түрдүү себептерге таянып жалганчыга чыгаргандар да бар. Булактарда бул эки тайпанын мындай түрдөгү сөздөрүнө нечелеп жолуктурса болот. Аны мактаган сөздөрдү бир четке коюп,[69] өзгөчө хадисчилердин Абу Ханифага карата айткан сындарына токтолууну туура көрдүк.

Абу Ханифаны хадис жагынан сынга туткандар, көбүнесе эки нерсеге токтолгонун көрсөк болот:

1- Рай менен кыясты көп колдонушу.
2- Сахих сүннөткө каршы чыгуусу.

Абу Ханифанын хадис менен сүннөткө болгон жакындыгын жана сахих хадиске атайын түрдө каршы келүүсүнүн мүмкүн эместигин айтканбыз. Ошондуктан хадисчилердин, сахих хадиске каршы келүүсү сыяктуу келтирген доолору, көпчүлүк учурда Абу Ханифанын хадис тандап алууда хадисчилерден айырмаланганы себеп болгон. Тактап айтканда, Абу Ханифа хадисчилердин сахих деп эсептешкен кээ бир хадистерин даиф же болбосо такыр эле негизсиз деп далил катары алган эмес.

Айрым хадисчилер айткандай, хадис равийлерин таъдил жана тажрих кылуу, хадистерди тасхих жана тадъиф кылуу ижтихад амалына кирет.[70] Мындан улам Абу Ханифага карата айтылган "хадиске каршы келүү" айыбын, болгону ага карата "айып тагуу амалы" деп түшүнсөк болот. Ошондой эле мындай айыптоонун

[68] Жамалуддин ал-Касымий, ал-Жарх ват-Тадиил, Бейрут, 1985-ж., 31-б.

[69] Терең маалымат үчүн крңз. ал-Хатибул-Багдадий, Тариху Багдад, Бейрут, б.ж.ж. 13-т., 336-348-бб.

[70] Мухаммед б. Осмон аз-Захабий, Тазкиратул-Хуффаз, Хайдарабад, 1956, 1-т., 1-б.; Таханавий, Каваид фи Улумил-Хадис, Карачи, б.ж.ж., 35-б.

хадисчилерден келүүсү да негиздүү себепке кирбейт. Анткени ахлул-хадис менен ахлур-рай, маданий-агартуу жагынан эки атаандаш топ болушкан. Ал эми атаандаш эки топтун полемикасын этияттык менен кабыл алуу абзел.[71] Абу Ханифаны хадиске каршы келет деп айыптагандардын көпчүлүк бөлүгү, Абу Ханифадан бир канча кылым кийин жашаган хадисчилер болгон. Абу Ханифа, Аз.Пайгамбарга хадис менен сүннөттүн булагына жакындык жагынан бул хадисчилерге караганда жолдуу болгон. Ошондой эле, Абу Ханифага айып таккан хадисчилердин көпчүлүгү Шафий мазхабынан болуп, алардын айыптоолорунан мазхап фанатизминин (таассуб) издерин да көрсөк болот.[72]

Буларды айтуу менен Абу Ханифанын эң кыйын хадисчи экенин, ар бир тандап алып түшүндүрмө берген риваятта ийгиликтүү болгонун билдирүү эмес. Анткени мындай сыпат, эч кимге буйруган эмес. Аз. Пайгамбардын бардык сөздөрү жана амалдары, толук бойдон жана катасыз түрдө кийинки муунга өткөрүлгөн деп айтууга мүмкүн болбогондой эле, мазхап имамдарынын да сүннөттүн туура болуп келген бөлүгүн далил катары колдонууда, жүз пайыз ийгиликтүү болушкан деп айтууга да болбойт.

Баарынан мурун Абу Ханифа, хадисчи эмес, эң кыйын факих эле. Анын максаты, хадистерди топтоп алып баяндоо, башка хадисчилерге өткөрүү эмес, буларды фыкыхта далил катары колдонуу эле. Жогоруда да мисалдарды берип өткөндөй Абу Ханифа, сахих экенине ынанган Аз.Пайгамбардын хадисин күмөнсүз түрдө кабыл алып колдонгон. Ал эми анын хадис тандап алууда, түшүндүрмө берүүдө жана аны талдап баа берүүдө башка факихтерден, башка хадисчилерден айырмаланышын нормалдуу көрүү керек.

Абу Ханифанын айрым хадисчилер тарабынан динден чыгууга (куфр), жада калса атеистикке чейин барган оор айыптоолорго

---

[71] Тереӊ маалымат үчүн крңз. Ибн Абдилбарр, Жами, 2-т., 150-163-бб.; Абдулхайй ал-Лакнавий, ар-Рафу ват-Такмиил фи Жархи ват-Тадиил, Бейрут, 1987-ж., 409-432-бб.

[72] Тереӊ маалымат үчүн крңз. İsmail Hakkı Ünal, İmam Ebu Hanife'nin Hadis Anlayışı ve Hanefî Mezhebinin Hadis Metodu (Имам Абу Ханифанын Хадис Түшүнүгү жана Ханафий Мазхабынын Хадис Методу), 230-б.

дуушар болушун түшүнүү кыйын. Бул хадисчилерден Имам Шафий, Имам Бухарий, Муслим, Ахмад б. Ханбал, Ибн Хиббан, Ибн Адийй, Бейхакий, Имам Газзалий жана Фахреддин Разий сыяктуу көптөгөн белгилүү аалымдардын айыптоолорунун алдында, бардык эле инсандын Абу Ханифанын илими, адамдык жагы туурасында күмөн санашы толук ыктымал.[73] А бирок бул жөнүндө изилдеп көргөндө, хижрий 2- кылымдан баштап бүгүнкүгө чейин кайталанып келген мындай айыптоолордо, мазхаптын, адамдык пейилдин ар түрдүүлүгүнөн улам пайда болгон душмандыктын жана фанатизмдин издерин жолуктурса болот.

Хадисчилердин Абу Ханифага карата айткан сындарын карап көргөндө, жарх жана таъдил амалынын, эки жакты тең кескен кылыч сымал кез кезде өз каалоосуна таштап, аспап катары колдонулганын көрсөк болот. Мындай куралга ээ экенин билген айрым хадисчилер, түшүндүрмө берүүнү да керек көрбөстөн "баланча даиф", "баланча матрук", "баланча сика эмес" сыяктуу абстракттуу айыптоолор менен кээ бир равийлерди айыптаганга шашылышкан. Албетте кийинки жылдарда, бул хадисчилердин мындай анык эмес жарх кылуучу сөздөрүндө кандай маани камтылганы туурасында көптөгөн кептер айтылды. Ошондой эле ар кайсы мазхаптарга таандык көптөгөн хадисчилер, мындай жол менен жашырын түрдө мазхабынын ачуусун алып, муну жаба билишкен жана баарын мындай сындарды хадисчи катары жүргүзүшкөнүнө ынандырышкан. Өздөрүнүн мазхап имамдарына карата кыпындай сынды көтөрө албаган мындай инсандардын ичинде Абу Ханифаны динден чыгуу (куфр) менен айыптагандар да болгон.

Кийинчерээк ушул эле көрүнүштү Абу Ханифаны коргоо максатында Ханафий аалымдарынын ортосунда да көрсөк болот. Алар да Абу Ханифаны коргоо үчүн башка мазхаптарды эң оор сөздөр менен айыпташып, ар тараптан Абу Ханифаны актоо үчүн колдон келген аракетин жасашкан.

Абу Ханифа сыяктуу ислам тарыхында орду чоң инсандарга баа берүү үчүн, алгач мазхаптык душмандыкты, тарапчылыкты

[73] Терең маалымат үчүн крңз. А.а.к., 230-263-бб.

калтырып, алардын ой-пикирлерине объективдүү түрдө анализ жүргүзүү абзел.

**Корутунду**

Ислам тарыхындагы көрүнүктүү жана орду чоң инсандардын бири болгон Абу Ханифа, фикыхтагы көз карашы, түшүнүгү менен көп сындалып келет. Анын ахлур-райдын өкүлү болушу да, карама каршы тарапта турган ахлул-хадистин сынына ого бетер кабылганын көрсөк болот. Мындай сындардын, айыптоолордун себеби, Абу Ханифанын хадистерди тандан алууда, талдоодо, өкүм чыгарууда жана колдонууда, ахлул-хадистен айырмаланышы болгон. Абу Ханифанын, Аз.Пайгамбардын хадисин болушундай кабыл алуудан мурун бир нече критерийлерди шарт койгону байкалат.

Ахлул-хадис Абу Ханифаны сахих хадиске каршы келүү жана райды, кыясты хадистердин ордуна колдонуу менен айыпташкан. А бирок Абу Ханифанын берген өкүмдөрүнө көз жүгүрткөндө, сахих болгонуна ынанган ар бир хадиске моюн сунуп өкүм бергенин көрсөк болот.

Абу Ханифанын бир хадисти алууда, талдоодо бир канча критерийлерди койгон. Булар:

1. Хадистин Куранга туура келиши.
2. Хадистин акыл-эске туура келиши.
3. Хадистин адамдык баалуулуктарга терс келбеши.
4. Хадистин жеңилдикке туура келип, оордоштурбашы.
5. Хадистин үрп-адатка, жаңы өзгөрүүлөргө жол бериши ж.б.

Абу Ханифаны сындагандардын, айыптагандардын көпчүлүгү бир нече доор кийин жашаган аалымдар болушкан. Булардын мазхап тарапчылыгына кабылып, Абу Ханифанын ижтихадына объективдүү карабастан оор айыптарды тагуулары өкүндүрбөй койбойт. Ал эми бул аалымдардын арасында Имам Бухарий, Имам Муслим сыяктуу алдыңкы хадисчилердин болушу ого бетер кейитет. Абу Ханифа сыяктуу ислам тарыхында орду чоң инсандарга баа берүү үчүн, алгач мазхаптык душмандыкты, тарапчылыкты калтырып, алардын ой-

пикирлерине объективдүү түрдө анализ жүргүзүү керек деген ойдобуз.

## Колдонулган адабияттар

Ünal, İsmail Hakkı. İmam Ebû Hanîfe'nin Hadis Anlayışı ve Hanefî Mezhebinin Hadis Metodu. - Анкара: DİB басмаканасы, 2001.

Абдуррахман б. Мухаммед б. Халдун. Мукаддима. Б.ж.ж., 1978.

Абу Давуд. Сунан.

Абу Ханифа. ал-Аалим вал-Мутаалим. Которгон: Mustafa Öz. – Стамбул, 1981.

----------------. Рисала Ила Усман ал-Баттий (İmam-ı Azam'ın Beş Eseri içinde) 69-б.

Абу Юсуф. ал-Аасаар. – Бейрут, 1355.

-------------. Ихтилафу Аби Ханифа ва Ибн Аби Лайла. - Египет, 1357.

ад-Дахлавий, Шах Валиюллах. Хужжатуллахил-Балига. I т. – Египет, 1332.

аз-Заркаший, Бадруддин. ал-Ижааба ли Ираади Маа Истадракатху Аишату Алас-Сахаба. (Hz.Ayşe'nin Sahabeye Yönelttiği Eleştiriler, которгон: Bünyamn Erul, Анкара 2000) - Бейрут, 1980.

аз-Захабий, Мухаммед б. Усман. Тазкиратул-Хуффаз. I т. - Хайдарабад, 1956.

ал-Касымий, Жамалуддин. ал-Жарх ват-Тадиил. - Бейрут, 1985.

----------------, Жамалуддин. Каваидут-Тахдис. – Дамаск, 1935.

ал-Лакнавий, Абдулхайй. ар-Раф-у ват-Такмиил фи Жархи ват-Тадиил. - Бейрут, 1987.

ал-Маккий, Муваффак б. Ахмад. Менакибу Аби Ханифа. – Бейрут, 1981.

ал-Миззий, Абул-Хажжаж. Тахзибул-Камал фи Асмаир-Рижал. XXIX т. – Бейрут, 1992.

Ал-Хатибул-Багдадий. Ал-Кифайа фи Илмир-Ривайа. - Мадина, б.ж.ж.

-----------------------------. Тариху Багдад. XIII т. - Бейрут, б.ж.ж.

Ас-Саймерий, Абу Абдиллах Хусейн б. Али. Ахбару Аби Ханифа ва Асхабихи. – Бейрут, 1985.

Ахмад Амин. Духал-Ислам. II т. – Каир, 1937.

аш-Шайбаний, Мухаммад б. Хасан. ал-Хужжа алаа Ахлил-Мадина. IV т. - Хайдарабад, 1965.

------------------, Мухаммед б. Хасан. ал-Аасар. – Лакхнау, 1312.

------------------, Мухаммед б. Хасан. ал-Асл. I т. - Карачи, б.ж.ж.

------------------, Мухаммед б. Хасан. Муватта. - Бейрут, 1984.

аш-Шафий, Мухаммед б. Идрис. Ихтилафул-Хадис. - Бейрут, 1985.

Дарекутний. Сунан. III т. - Каир, 1966.

Ибн Абдилбарр. Жамиу Байнанил-Илм ва Фадлих. II т. - Бейрут, басылган жылы жок.

Ибн Аби Шайба. Мусаннаф. XIV т. – Бомбей, 1983.

Ибн Сад. Китабут-Табакатил-Кабир. IV т. – Бейрут, 1968.

Ибн Ханбал, Ахмад. Муснад. II т. - Стамбул, 1982.

Нурсайф, Ахмад Мухаммад. Яхйа б. Маин ва Китабухут-Тарих. II т. – Мекке, 1979.

Сарахсий. ал-Мабсут. X т. - Стамбул, 1982.

-------------. Усул. I т. - Стамбул, 1984.

-------------. Шархус-Сиерил-Кабир. I т. - Каир, 1971.

Тахавий. Шарху Маанил-Асаар. I т. - Бейрут, 1987.

Таханавий. Каваид фи Улумил-Хадис. - Карачи, б.ж.ж.

Тирмизий. ас-Сунан. – Стамбул: Çağrı басмаканасы, 1981.